Омошев Төлөгөн Теңировичтин - 08.00.06 - улуттук жана аймактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин доктору илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Агроөнөржай комплексиндеги илимий-техникалык прогрессти маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын негизинде божомолдоонун аймактык көйгөйлөрү” – деген темадагы доктордук диссертациясына илимий кеңешчисинин

# ПИКИРИ

2013-жылы диссертациялык ишинин темасы бекитилип баштагандан бери Омошев Төлөгөн Теңирович илимий ишмердүүлүккө активдүү катышып, ата мекендик жана эл аралык илимий-практикалык конференцияларда доклад жасаган. Чоң көлөмдөгү маалыматты иштеп чыгууда, структуралаштырууда жана талдоо жүргүзүүдө, изилдөөнүн максаттарын жана милдеттерин аныктоодо, олуттуу илимий маселелерди коюуда жана чечүүдө жөндөмдүү, демилгелүү, аракетчил, жоопкерчиликтүү изилдөөчү катары өзүн көрсөттү.

Т.Т.Омошевдин “Агроөнөржай комплексиндеги илимий-техникалык прогрессти маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын негизинде божомолдоонун аймактык көйгөйлөрү” – деген темадагы доктордук иши өтө маанилүү теориялык жана прикладдык шарттарда аткарылган. Диссертациялык изилдөөнүн темасы менен анда каралган көйгөйдүн Кыргызстандын агроөнөр жай комплексин өнүктүрүүнүн мамлекеттик жана аймактык программалары менен түз байланышын белгилей кетүү зарыл. Маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын негизинде Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплексинде илимий-техникалык прогрессти болжолдоонун аймактык көйгөйлөрүн чечүүгө байланышкан диссертациянын темасы актуалдуу экени, ал эми диссертациялык изилдөөнүн өзү өлкөнүн экономикасын өнүктүрүү жана калктын жашоо деңгээлин жогорулатуу үчүн суроо-талапка ээ жана өтө актуалдуу болуп саналат.

Диссертацияда талкууланган көйгөйлөрдү чечүүдө сунушталган ыкмалар оригиналдуу жана маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын жетишкендиктерин колдонуу менен агроөнөр жай

комплексине илимий-техникалык прогрессти киргизүүнүн толук кандуу инновациялык концепциясын иштеп чыгуу үчүн чоң өбөлгө түзөт.

Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплексин стабилдүү өнүктүрүү шарттарында улуттук инновациялык системанын максаттарына жетишүүгө жана жаңы маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуунун негизинде агроөнөр жай комплексин мамлекеттик жөнгө салууну жакшыртууга багытталган экономиканын инновациялык системасын андан ары өнүктүрүү боюнча иштелип чыккан сунуштары жактырууга татыктуу.

Ата мекендик экономиканын инновациялык өнүгүү темпин тездете ала турган жыйынтыктардын, сунуштардын пайдалуулугун белгилебей коюуга болбойт. Окутуунун кээ бир теориялык жана практикалык иштеп чыгуулары үчүн керектүү маалымат болуу менен бирге, жогорку окуу жайларында экономика багытында окуган студенттердин дисциплиналарында да окутууга болот.

Т.Т.Омошевдин диссертациясы маанилүү социалдык-экономикалык маанидеги илимий маселенин чечилишин камтыган жана аяктаган, өз алдынча жазылган илимий-изилдөө иш. Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору жана натыйжалары ар кандай мезгилдүү басылмаларда, ЖОЖдор аралык жана эл аралык журналдарда, монографияларда жарыяланган. 2013-жылдан 2025-жылга чейинки аралыкта өткөрүлгөн эл аралык илимий-практикалык конференцияларда, семинарлар-кеңешмелерде жана эл аралык симпозиумдарда баяндалган, талкууланган жана жактырылган.

Диссертациянын негизги жоболору автордун жалпы көлөмү 42,7 б.т. болгон 62 эмгекте, анын ичинде жалпы көлөмү 23,5 б.б. 2 монографияда чагылдырылган. Анын ичинен 43 макала КР Президентине караштуу УАК тарабынан сунушталган илимий журналдарда, РИНЦ системасына кирген чет элдик илимий журналдарда, 3 макала SCOPUS журналдарында, 7 макала Кыргызстандын журналдарында жарыяланган.

Доктордук диссертация заманбап жогорку маалыматтык изилдөө ыкмаларын колдонуу менен жүргүзүлгөн. Изилдөөнүн натыйжалары маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын негизинде айыл чарбасында илимий-техникалык прогресс тармагында заманбап экономикалык илимдин өнүгүшүнө олуттуу салым кошот деп ишенем, иш терең социалдык-экономикалык жана практикалык мааниге ээ. Сунушталган иш актуалдуулугу, жаңылыгы жана практикалык мааниси боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы улуттук аттестациялык комиссиясынын талаптарына толугу менен жооп берет. Ал эми Омошев Төлөгөн Теңирович 08.00.06 - улуттук жана аймактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин доктору илимий даражасын алууга татыктуу деп эсептейм.

Илимий кеңешчи, экономика
илимдеринин доктору, профессор: Омурзаков С.А.

29.11.24

ЗАВЕРЯЮ
Подпись Омурзаков С.А.
29. 11 2024
К Суерзулова Г.Ш.